Кабыл алынды
2020-жылдын 28-августундагы
педкеңештин №1 токтомунун
негизинде.

Бекитемин:
Мектеп директору: А.Акматов
28-август 2020-жыл

# Баалоонун системасы боюнча жобо

Жалпы жобо

1.Бул жобо мектепте баалоонун тартибин системалаштырып, жалпы баалоого тиешелүү маселелерди жөнгө салат.

2. Мектепте мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары боюнча ар бир окуучунун билиминин объективдүү бааланышын камсыздайт.

3. Баалоонун түрлөрү, формалары жана типтери боюнча мугалимдердин түшүнүктөрүн калыптайт жана практикада пайдалануу ыңгайын жаратат.

4.Мектепте окуу процессин уюштурууда демократиялык башталышты колдойт.

1. Баалоо системасы
Мектепте 2-11-кластардын окуучуларынын билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн баалоо 5 баллдык система менен жүргүзүлөт (минималдуу балл-1, максималдуу балл-5).Окутуунун жүрүшүндө мугалимдер окуучулардын билимин баалашат. Окуучулардын оозеки жана жазуу иштеринин суроолорго жооптору 5 баллдык система менен бааланат: 5(эң жакшы), 4(жакшы), 3(канааттандырарлык), 2 (канааттандырарлык эмес), 1(жаман).

1. Предметтик мугалимдер окуучулардын билимин баалоону ар бир предмет боюнча конкреттүү берилген мамлекеттик программалардын жана КР жалпы билим берүү уюмунун предметтик стандартындагы билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиясынын талаптарынын негизинде жүргүзөт.

2. Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жана окуунун сапатын жогорулатуу үчүн , окуудагы жетишпестиктерди жоюу үчүн мугалим алардын билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн туура, объективдүү жана өз учурунда баалоого милдеттүү.

3. Мугалим сабактын жүрүшүндө эң азы 4-5 окуучуну толук баалоого жетишүү үчүн аны сабакка даярдык көрүүдө пландаштыруу керек. Бир окуучуну бир айда минимум 1-2 жолу баалоо зарыл( баалоо саны предметке жумасына канча саат каралгандыгы менен да өлчөнөт).

лабороториялык иштерде катышкан окуучуларды текшерүүнүн формасы (фронталдык же жекече) боюнча бааланат.
Ишинин жыйынтыгы «2» деп бааланган окуучулар менен мугалим оң натыйжа бергенге чейин кошумча ишти уюштуруу менен иш жүргүзөт.
Окуучу текшерүү иш алуу учурунда жок болуп калса, мугалимдин белгилеген убактысы боюнча жекече иш алынат.

5. Математикадан, физикадан, химиядан, биологиядан алынган текшерүү иштеринин жана жазуу иштеринин баалары кийнки сабакта журналга түшүрүлөт. Ал эми кыргыз тил адабиятынан жана орус тил адабиятынан 9-11- класстардан алынган жазуу штерининбаалары 6 күндүн ичинде класстык журналга түшүрүлүүсү керек.

6. Баасыз сабак жогорку класстарга жаңыдан маалымат берүүчү лекцияларды өткөрүүдө болушу мүмкүн.

7. Жогорку класстарда программалык айрым темалар бонча зачеттук баалоо системасы уюштурулушу мүмкүн. Андай учурда баалоо жалпы талаптын негизинде эле жүргүзүлөт.

8. Жогорку класстарда окуучулардын каалоолору боюнча айрым темалар же, чейректик, жарым жылдык жыйынтыктар боюнча бааларын жогорулатуу максатында зачеттор уюштурулушу мүмкүн. Бул маселе окуучуларга оордук келүү өлчөмүн эске алуу менен ОТББ тарабынан чечилет.

Текшерүү жумуштарынын учурунда текшерүү иштерди алуу боюнча мектептик графигинин тартиби так сакталууга тийиш.
Мектеп аттестациялардын формаларын төмөнкүдөй аныктайт:

- Учурдагы
- Чейрек аралык
- Жыйынтыктоочу

1. окуучулардын жетишүүлөрүнө учурдук контролдоолор өткөрүү мугалим тарабынан окуу жылы ичинде жүргүзүлөт.

1.1 учурдагы аттестация боюнча педагогикалык кызматкерлер
Өзүнүн предмети боюнча окуучулардын билимин баалоонун каалаган усулдарын тандоо менен иш алып баруу укугуна ээ.
1.2. Педагог окуу жылынын башында өзүнүн предметинен окуучуларына учурдагы контролдун системасы боюнча түшүнүк берүүсү зарыл.

1.3. учурдук контролдоонун бааларын жалпы окуучуларга өз мөөнөтүндө угузат, класстык журналга өткөрөт жана окуучулардын күдөлүктөрүнө коёт.